**БЕКИТЕМИН**

ЭжТГИ факультетинин деканы

э.и.к. Э.Исраилов ______________

**580100 «ЭКОНОМИКА» БАГЫТЫ БОЮНЧА БҮТҮРҮҮЧҮНҮН МОДЕЛИ**

580100 «Экономика» багытынын профили боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасынын бүтүрүүчүсүнүн модели, , билим берүү программасын өздөштүрүүнүн жыйынтыгы катары нормативдик түрдө аныкталган образ болуп саналат. Ал бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүктү жүргүзүүгө даярдыгын камсыз кылган, билим берүү стандартынын жана эмгек рыногунун талаптарына ылайык келген кесиптик, жалпы маданий жана жеке сапаттарынын жыйындысын чагылдырат.

Бүтүрүүчүнүн модели С. Нааматов атындагы НМУнун жогорку кесиптик билим берүү стандартына, негизги билим берүү программасы жөнүндө жобого, ошондой эле «Бухгалтердик эсеп, талдоо жана аудит» профили боюнча окутуунун максаттарын жана күтүлгөн жыйынтыктарын эске алуу менен иштелип чыккан. Модель түзүүдө окуу жыйынтыктарын өлчөнүүчү көрсөткүчтөргө жеткирүүгө жана аларды учурдагы, аралык жана жыйынтык мамлекеттик аттестациянын алкагында баалоого багытталган компетенттүүлүк мамиле колдонулган.

НББПсын өздөштүргөн бүтүрүүчү экономика, финансы, бухгалтердик жана башкаруучулук эсеп, экономикалык талдоо жана аудит тармактарында системалуу теориялык билимдерге жана практикалык көндүмдөргө ээ болот. Бул ага экономиканын ар кандай тармактарындагы уюмдардын эсептик-аналитикалык, каржылык жана көзөмөл-аудитордук кызматтарында кесиптик ишмердүүлүктү жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.Бүтүрүүчүнүн даярдыгы ага финансылык-экономикалык маалыматты түзүү, талдоо жана интерпретациялоо, ошондой эле аны башкаруучулук чечимдерди негиздөө процессинде натыйжалуу колдонуу жөндөмдүүлүгүн камсыз кылат.

Бүтүрүүчүнүн модели өзгөрүлүп турган экономикалык шарттарда, эсептик жана аналитикалык процесстердин санариптешүүсү шартында, ошондой эле финансылык отчеттуулуктун ачык-айкындуулугуна жана ишенимдүүлүгүнө болгон талаптар күчөгөн учурда иш алып бара алган адисти даярдоого багытталган. Ушуга байланыштуу бүтүрүүчү кесиптик ишмердүүлүгүндө заманбап маалыматтык технологияларды жана колдонмо программалык каражаттарды, анын ичинде автоматташтырылган эсеп жана талдоо

системаларын, ошондой эле уюмдардын практикасында колдонулган программалык продукттарды колдонууга даяр болот.

Бүтүрүүчүнүн моделинин алкагында кесиптик даярдыктын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына шайкештигине өзгөчө көңүл бурулат. Буга бухгалтердик эсеп, аудит, салык салуу жана финансылык көзөмөл жаатындагы нормативдик-укуктук актылар кирет. Бүтүрүүчү өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн коомдогу маанисин түшүнөт, кесиптик этиканын нормаларын сактайт жана кабыл алынган чечимдердин сапаты менен ишенимдүүлүгү, ошондой эле түзүлгөн отчеттуулуктун тактыгы үчүн жоопкерчилик тартат.

Бүтүрүүчүнүн моделинин социалдык-жеке компоненти анын кесиптик коммуникация көндүмдөрүнүн калыптанышы, жамаатта иштей алуу жөндөмдүүлүгү, өзүн-өзү өнүктүрүүгө жана үзгүлтүксүз кесиптик билим алууга даярдыгы менен мүнөздөлөт. Бул сапаттар бүтүрүүчүнүн жумуш берүүчүлөрдүн талаптарына тез ыңгайлашуусун жана эмгек рыногунда туруктуулугун камсыз кылат.

580100 «Экономика» багыты боюнча, «Бухгалтердик эсеп, талдоо жана аудит», “Каржы жана насыя” профили боюнча бакалавриаттын негизги билим берүү программасын өздөштүргөн бакалаврдын кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсү:

-экономиканын ар кандай тармактарындагы уюмдардын экономикалык, бухгалтердик, контролдук-финансылык, кредиттик, инвестициялык, эсептешүү жана аналитикалык кызматтары;

-ар кандай менчик формасындагы уюмдардын финансылык, маркетингдик жана өндүрүштүк-экономикалык кызматтары;

финансылык, кредиттик жана камсыздандыруу мекемелери;

мамлекеттик жана муниципалдык бийлик органдары;

академиялык жана ведомстволук илимий-изилдөө уюмдары;

жалпы билим берүү мекемелери, баштапкы кесиптик, орто кесиптик, жогорку кесиптик жана кошумча кесиптик билим берүү мекемелери.

«Бухгалтердик эсеп, талдоо жана аудит», “Каржы жана насыя” билим берүү программасы боюнча «Бакалавр» квалификациясы ыйгарылган бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объекттери: курулуш тармагындагы жана ар кандай менчик формасындагы уюмдардын эсептик-аналитикалык жана аудитордук ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрү; эсептик-аналитикалык чөйрөдөгү уюмдардын өз ара аракеттенүү формалары жана ишмердүүлүгү; эсептик-аналитикалык жана аудитордук ишмердүүлүктүн ар кандай багыттары боюнча чарбалык ишмердүүлүктү уюштуруу процесси; уюмдарда

эсепти, талдоону жана аудитти уюштуруу процесси; финансылык жана маалыматтык агымдар; чарбалык ишмердүүлүктүн коопсуздугун камсыз кылуу процесси.

Бакалаврдын кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү:

- эсептешүү-экономикалык;
- аналитикалык;
- илимий-изилдөөчүлүк;
- уюштуруучулук-башкаруучулук;
- педагогикалык.

580100 «Экономика» багыты боюнча «Бухгалтердик эсеп, талдоо жана аудит» билим берүү программасынын бүтүрүүчүсү тиешелүү кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсүндө төмөнкү милдеттерди аткарууга тийиш:

**1) эсептешүү-экономикалык ишмердүүлүктө:**

- чарбалык субъекттердин ишмердүүлүгүн мүнөздөгөн экономикалык жана социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдү эсептөө үчүн баштапкы маалыматтарды даярдоо;
- колдонулуп жаткан нормативдик-укуктук базаны эске алуу менен типтүү методикалардын негизинде экономикалык жана социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдү эсептөө;
- ар кандай менчик формасындагы ишканалардын, уюмдардын жана ведомстволордун пландарынын экономикалык бөлүмдөрүн иштеп чыгуу.

**2) аналитикалык жана илимий-изилдөө ишмердүүлүгүндө:**

- берилген тапшырма боюнча маалыматтарды издөө, конкреттүү экономикалык эсептөөлөрдү жүргүзүү үчүн керектүү маалыматтарды топтоо жана талдоо;
- коюлган милдетке ылайык экономикалык маалыматтардын массивдерин иштеп чыгуу, алынган жыйынтыктарды талдоо, баалоо жана интерпретациялоо, ошондой эле корутундуларды негиздөө;
- кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсүнө тиешелүү болгон изилденип жаткан процесстердин, кубулуштардын жана объекттердин стандарттык теориялык жана эконометрикалык моделдерин изилдөө, алынган жыйынтыктарды талдоо жана интерпретациялоо;
- микро жана макро деңгээлдеги экономикалык процесстерди жана кубулуштарды мүнөздөгөн көрсөткүчтөрдү талдоо жана интерпретациялоо;
- маалыматтык жана аналитикалык отчетторду даярдоо.

**3) уюштуруучулук-башкаруучулук ишмердүүлүктө:**

- башкаруучулук чечимдердин варианттарын иштеп чыгууга катышуу, аларды тандоону социалдык-экономикалык натыйжалуулуктун критерийлеринин негизинде, мүмкүн болгон тобокелдиктерди жана кабыл алынган чечимдердин социалдык-экономикалык кесепеттерин эске алуу менен негиздөө;
- тапшырылган иштин белгилүү бир этабынын аткарылышын уюштуруу;
- конкреттүү экономикалык долбоорду ишке ашыруу үчүн түзүлгөн чакан жамааттарды жана топторду ыкчам башкаруу;
- ар кандай менчик формасындагы ишканалардын, уюмдардын жана ведомстволордун экономикалык кызматтарынын жана бөлүмдөрүнүн ишмердүүлүгүн өркүндөтүү жана башкарууну уюштуруу маселелери боюнча чечимдерди даярдоого жана кабыл алууга катышуу, укуктук, административдик жана башка чектөөлөрдү эске алуу менен.

**4) ишкердик ишмердүүлүктө:**

- ишкердик ишмердүүлүктү пландоо жана уюштуруу;
- бизнес максаттарын негиздөө жана аларга жетүү жолдорун аныктоо;
- фирманын (бизнестин) атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоо жана экономикалык натыйжалуулугун аныктоо.

1) **Кошумча кесиптик компетенциялар:**

580100 «Экономика» багыты боюнча бакалавр төмөнкү милдеттерди аткара билүүгө тийиш:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарынын негизинде активдердин, милдеттенмелердин, капиталдын жана чарбалык операциялардын эсебин уюштура алат.
- Финансылык-кредиттик системанын механизмдерин, бюджетти башкарууну, мамлекеттик карызды тейлөөнү жана мамлекеттик сектордун финансысын (социалдык программалар, инфраструктура, мамлекеттик корпорациялар) түшүнө жана талдай алат.
- Валюта, фондулук жана товардык рыноктордун ишин түшүнө жана талдай алат, финансылык ишмердиктин тобокелдиктерин изилдөө боюнча баа берет.
- Автоматташтырылган программаларды колдонуу менен чарбалык операцияларды документтештирүү, алардын жыйынтыктарын эсепке алуу системасында чагылдыруу жана отчетторду даярдоо жөндөмдүүлүгү.
- Уюмдун чыгымдарын башкаруу жана талдоо жана аларды оптималдаштыруу жолдорун аныктоо жөндөмдүүлүгү.

Ошентип, 580100 «Экономика» багыты боюнча, «Бухгалтердик эсеп, талдоо жана аудит» профили боюнча бакалавр бүтүрүүчү системалуу башкаруунун, уюштуруучулук өнүгүүнүн жана эсептик-аналитикалык жана аудитордук ишмердүүлүктө санариптик технологияларды киргизүүнүн милдеттерин аткара алган адис катары калыптанат. Анын кошумча компетенциялары кесиптик стандарттардын талаптарына жана заманбап эмгек рыногуна шайкештикти камсыздоого багытталган.

## БҮТҮРҮҮЧҮНҮН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК МОДЕЛИ




| | |
|---|---|
| ОН-1 | Бүтүрүүчүлөр татаал кесиптик жана билим берүү маселелерин чечүү үчүн заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу менен жаңы билимдерди өз алдынча алууга жана натыйжалуу колдоно алышат. |
| ОН-2 | Бүтүрүүчү кесиптик этиканын жана маданияттар аралык баарлашуунун стандарттарын сактоо менен кесиптик иш жана билим берүү тармагында мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин биринде оозеки жана жазуу жүзүндө иштиктүү баарлашууну жүргүзө алат. |
| ОН-3 | Пландардын экономикалык бөлүмдөрүн түзүү үчүн эсептөөлөрдү жүргүзө алат, кабыл алынган чечимдерди экономикалык жактан негиздейт жана |

| | |
|---|---|
| | белгиленген уюштуруу стандарттарына ылайык иштин натыйжаларын көрсөтө алат. |
| ОН-4 | Бүтүрүүчүлөр экономикалык процесстерди талдоонун негизинде теориялык жана эконометрикалык моделдерди түзө алышат, алынган натыйжаларды чечмелей алышат, менчигинин ар кандай формасындагы уюмдардын финансылык жана бухгалтердик отчетторун талдай алышат, натыйжалуу башкаруу чечимдерин негиздөө жана кабыл алуу үчүн заманбап техникалык каражаттарды жана маалыматтык технологияларды колдоно алышат. |
| ОН-5 | Кызматкерлер тобунун ишин уюштурууга жана башкаруу чечимдерин жакшыртуу боюнча негиздүү сунуштарды иштеп чыгууга жөндөмдүү |
| ОН-6 | Ишкерликти пландаштыруу, уюштуруу жана бизнестин экономикалык эффективдүүлүгүн аныктоо |
| ***«Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит (бакалавр)» профилинин бүтүрүүчүлөрү үчүн атайын кошумча компетенциялар жана окуу натыйжалары:*** | |
| ОН-7 | Бүтүрүүчүлөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык активдердин, милдеттенмелердин, капиталдын жана чарбалык операциялардын эсебин уюштурууну, чарбалык операцияларды документтештирүү, автоматташтырылган программаларды колдонуу менен бухгалтердик эсеп системасында чагылдырууну, финансылык отчетту түзүүнү, ошондой эле аларды оптималдаштыруу жана операциялык натыйжалуулукту жогорулатуу максатында уюмдун чыгымдарынын эсебин жана талдоосун жүргүзө алышат. |
| ОН-8 | Бүтүрүүчү чарбалык операциялардын мыйзамдуулугуна жана материалдык, финансылык жана эмгек ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугуна ички контроль системасын уюштура алат, ошондой эле ишкананын бухгалтердик эсебинин жана отчеттуулугунун эл аралык стандарттарга, мыйзам актыларына жана уюмдун ички ченемдик укуктук актыларына ылайык келишин текшерүүгө катыша алат. |
| ***«Каржы жана насыя (бакалавр)» профилинин бүтүрүүчүлөрү үчүн атайын кошумча компетенциялар жана окуу натыйжалары:*** | |
| ОН-7 | Финансылык отчеттуулукту жана ишканалардын ишин талдоо, бюджеттин кирешелерин жана чыгашаларын тузууну жана пайдаланууну, баалайт, мамлекеттик чыгымдардын жана финансылык контролдун натыйжалуулугун жана ишмердүүлүгүн түшүнөт |
| ОН-8 | Мыйзам чыгаруу, аларды классификациялоо (материалдык жана процессуалдык), финансылык-укуктук тыюу салуулар жана ченемдик укуктук актыларды реалдуу практикада комментарийлөө чөйрөсүндө аналитикалык жана юридикалык жөндөмгө ээ, финансылык агымдарды көзөмөлдөө жана жөнгө салуу маселелери менен тааныш, финансылык операциялардын мыйзамдуулугун жана натыйжалуулугун камсыз кылуу үчүн ченемдик укуктук актыларды теориялык жактан түшүнүүгө да, практикалык жактан да колдонууга ээ |
| ОН-9 | Биржа инфраструктурасы, тенденцияларды болжолдоо жана кардарлар жана рыноктун катышуучулары менен өз ара аракеттенүү үчүн инвестициялык жагымдуулукту баалоо жаатындагы теориялык билимдерди, практикалык жана коммуникациялык көндүмдөрдү жана аналитикалык жөндөмдөрдү камтыган талаптардын толук спектрине жооп берет. Бул эффективдүү финансылык тобокелдиктерди башкарууга, |

| | |
|---|---|
| | инвестициялоого жана капиталды башкарууга, ошондой эле ченемдик укуктук актылардын талаптарын сактоого мүмкүндүк берет. Чечим кабыл алуунун жогорку ылдамдыгын, стресске сабырдуулукту, алмашуу технологияларын билүүсүн жана рынок психологиясын түшүнүүнү көрсөтөт. |

ЭТжБ кафедрасынын башчысы, э.и.к., доцент Д. Бекирова